DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



*Жумалиева Р.Б., Жумалиева В.Б.*

# ИШЕНАЛЫ АРАБАЕВ – АЛГАЧКЫ АГАРТУУЧУ

*Жумалиева Р.Б., Жумалиева В.Б.*

# ИШЕНАЛЫ АРАБАЕВ – ПЕРВЫЙ ПРОСВЕТИТЕЛЬ

*R. Zhumalieva, V. Zhumalieva*

# ISHENALY ARABAEV – THE FIRST EDUCATOR

*УДК: 37.012*

*Бул макалада XIX кылымдын аягы XX кылымдын башындагы кыргыз элинин коомдук-саясий ишмери И. Арабаевдин көп кырдуу иштери берилди. Анын алгачкы агартуучулук жолу, кыргыз улуттук интеллигенциясынын ири өкүлдөрүнүн бири катары эл агартуу, коомдук-саясий, социалдык-маданий маселелерге болгон көз караштары жана илимий эмгектерине анализ жасалды. Кыргыз элинин тарыхы менен маданиятына эбегейсиз чоң салым кошкон. И.Арабаев чыныгы күчтүү интеллектуал. Бир нече түрк тилдеринде, орус тилинде эркин сүйлөгөн. Көп багыттар боюнча билим алган. Алган билимдери, анын интеллектуалдык потенциалын түзгөн. И. Арабаев өз мезгилинде агартуучулук кулачын кенен жайган.*

***Негизги сөздөр**: агартуучу, интеллигенция, сабаттуу, тарых, маданият, эбегейсиз, салым, белгилүү, мугалим, замандаш.*

*В данной статье были представлены многогранные труды общественного и политического деятеля И. Арабаева. В статье проанализированы путь первого просветителя, как одного из крупных представителей кыргызской национальной интеллигенции, его взгляды на народное образование, социально-культурные, общественно-политические вопросы и его научные труды. Он внес огромный вклад в историю и культуру кыргызского народа. И. Арабаев – настоящий сильный интеллектуал. Свободно владеет несколькими турецкими языками и русским. Получил образование во многих областях. Приобретенные знания сформировали его интеллектуальный потенциал. В свое время И. Арабаев широко распространял свои знания. Он был автором многих учебников, написанных по новой методике.*

***Ключевые слова**: просветитель, интеллигенция, грамотный, история, культура, необъятность, вклад, знаменитость, учитель, современник.*

*This article presented the multifaceted works of the public and political figure I. Arabaev. The article analyzes the path of the first educator, as one of the major representatives of the Kyrgyz national intelligentsia, his views on public education, socio-cultural, socio-political issues and his scientific works. He made a huge contribution to the history and culture of the Kyrgyz people. I. Arabayev is a real strong intellectual. Fluent in several Turkish languages and Russian. Received education in many areas. The acquired knowledge formed his intellectual potential. In his time, I. Arabayev spread his knowledge widely. He was the author of many textbooks written on the new methodology.*

***Key words:** educator, intelligentsia, literate, history, culture, immense, contribution, known, teacher, contemporary.*

Компьютерлештирүү кылымында, илимий-техникалык прогрессте билим ар бирибиз үчүн абдан маанилүү. Англиялык философ Ф. Бэкон белгилегендей: «Билим-бул чоң күч». Өз убагында, XX кылымдын башында И. Арабаев кыргыз тилинде биринчи болуп басмадан китеп чыгарат. Ал муну менен чындыгында кыргыз коомчулугунда чоң ачылыш жасайт. Анын эрудициясы күчтүү жана акылдуу адис экендиги шексиз. Маселен, туура жазуунун эрежелерин билип, аны жазууда колдонбогон адамдар бар. Себеби, туура жазуунун эрежелерин колдонууну билбейт, мүмкүнчүлүгүн колдонбойт.

Ал эми И. Арабаев чыныгы билимге өзүнүн умтулуусу менен жеткен. Көп адамдар жылдар бою окуп жеткен билимге, ал кыска мөөнөттө жетип, мыкты жыйынтыктарын көрсөткөн. Анткени, элинде сабатсыздык жоюлуп, билимге ээ болушун эңсегени – анын эң негизги максаттарынан болгон. Ал көп окуган, ар түрдүү тармак боюнча өзүн өнүктүрүү - анын эң негизги сапаттарынын бири болгон. И. Арабаев көп окуп, фактыларды жана маалыматтарды гана билбестен, окутуунун ыктарын, методдорун өздөштүрүп, билимдеги жаңылыктарды ачкан. Өзүн улам жаңы бийиктикке чыгарып турган.

Кыргыз тарыхында И. Арабаев билим аркылуу адам бир жерде токтоп турбай, билимин күн сайын толуктап, андан ары улантып, колдонуп турбаса, мындай билим жараксыз болуп каларын прогрессивдүү ой жүгүртүп далилдеген агартуучулардын бири болгон. Анын билими жаш кыргыз мамлекетине чоң пайда алып келген.

И. Арабаев өзүнүн илимий жана агартуучулук эмгектерин 1910-1913-жылдары «Галия» медресесинде окуп жүргөндө эле жаза баштаган.

Биринчи кыргыз тилинде ал өз заманынын ойчул «заманчыл» акыны, өзүнүн жердеши Шамыркан уулу Молдо Кылычтын «Зилзала» ырына кириш сөз жазып, аны 1911-жылы Казань шаарынан чыгарган. Андан көп өтпөй Уфадагы «Шарк» басмасынан казак элинин көрүнүктүү агартуучусу К. Сарсекеев менен бирдикте «Балдарды мектептерде ылдам (интенсивдүү) окутуунун жолдору же алиппеси» аттуу эмгегин жарыялаган. Кичинекей китепче көлөмүнүн аздыгына карабай, өз учурунда сабатсыздыкты жоюуда негизги ролду ойногон жана эл арасына кеңири жайылган [1].

Билим алуунун эң жакшы мезгили – жаштык кез. И. Арабаев убакытты текке кетирүү – чоң ката экенин түшүнгөн. Анын жазган китептери сабатсыз элдин массалык түрдө сабатсыздыгын жойгон. Китептериндеги методикалык ыкмалар аркылуу эл аз убакыттын ичинде ылдамдык менен окуганды жана жазганды үйрөнгөн.

И. Арабаев 1912-жылы Оренбургда «Жазуу өрнөктөрү» деген эмгегин кыргыз-казак тилинде элдери колдонгон бастырган. Борбордук Азия элдери

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



колдонгон чагатай жазуусун жөнөкөйлөштүрүп, кыргыз-казак тилдерине ылайыкташтырып, үндүү жана үнсүз тыбыштарды бөлүү менен түшүнүктүү алиппени түзгөн. Ошол эле мезгилде И. Арабаев окуу куралдарын чыгаруу менен бирге кыргыз-казак өспүрүмдөрүн да бир топ жыл окуткан. Ал элинин айрыкча, өсүп келе жаткан жаш муундарынын сабаттуу, илимдүү болушун эңсеген.

Андан кийинки жылдарда анын саясий багыттагы иштери жана Совет бийлигинин кызматтарына түздөн-түз катышуусу илимий иштерине белгилүү денгээлде тосколдук кылган. И. Арабаевдин Түркстан АССРинин эл агартуу комиссариатын жана андан кийин Кыргыз билим комиссиясын башкарган учурда кайрадан илимий маселелерге көңүл буруп, ушул багыттагы көптөгөн маселелерди чечүүдө өз салымын кошкон. Анын замандаштарынын билдирүүсүнө караганда, 1922-1924- жылдары ал «Манас» эпосун эл оозунан чогултууну биринчи уюштуруучу жана демилгечи болуу менен, атактуу манасчы Сагымбайдын өз оозунан Манасты жаздырып, кийинчерээк атактуу манасчы Тыныбектин да өз оозунан Семетейдин айрым үзүндүлөрүн жазып алган.

И. Арабаев К. Тыныстанов менен бирдикте «Манас» эпосун жазып алууда адабий тилдик каражаттарды мыкты колдонуп, өзүлөрүнүн артыкчылыгын көрсөтүп, «Манасты» жазып алуу иштерин бийик денгээлге көтөрүшкөн.

И. Арабаев билим комиссиясынын башчысы катары атактуу инсандар К. Тыныстанов жана башкалар менен бирдикте, кыргыз алфавитин тузүү, кыргыз алиппесин жазуу, башталгыч класстын окуучуларына арналган окуу китебини жазуу, сабатсыздыкты жоюуга багытталган окуу куралдарын түзүүдө өз салымын кошуп, 1923-жылы араб алфавитинин негизинде түзүлгөн реформаланган кыргыз алфавитин басмага даярдаган. Кыргыз билим коммисиясынын тапшыруусу менен казак алиппесинин негизинде кыргыз алиппеси (4000 экз.) Ташкент шаарындагы басмаканадан жарык көргөн. «Кыргыз алиппесинин» экинчи басылышы 1925-жылы Москвадагы Борбордук басмаканадан басылып чыккан.

И. Арабаев 19 китеп жазып, алар Ташкент, Москва, Уфа, Троецк, Фрунзе шаарларында басылып чыккан. Анын чондор үчүн жазган «Алиппеси» сабатсыздыкты жоюуда чоң роль ойногон. Башталгыч класстар үчүн география, арифметика, жаратылыш таануу боюнча окуу куралдарын түзгөн. Коомдук-саясий мүнөздөгү бир нече адабияттарды, В.И. Лениндин айрым эмгектерин которгон. 1924-жылы Кара-Кыргыз академиясынын төрагасы болуп иштеген.

Орто Азия мамлекеттик университетинде тарых жана адабият, казак жана кыргыз тилдеринде сабак берген. Кыргыз калкынын араб тамгасынан латын тамгасына өткөнүнө байланыштуу К.Карасаев менен бирдикте «Жаңылык» аттуу эмгекти даярдашып, ал эми 1925-жылы кайрадан оңдолуп, басмадан чыккан. И. Арабаев ири адис-түрколог катары көптөгөн илимпоз-тилчилердин съезддерине катышкан жана ал маселеге өз кезегинде белгилүү деңгээлде өз салымын кошкон. Алсак, 1924-жылы Оренбург шаарында өткөн кыргыз-казах илимпоз-түркологдордун съездинде, Түркстан АССРнин элге билим берүү комиссиясынын өкүлү катары доклад жасап, кыргыз-казак тилдеринин илимий-практикалык мааниси жөнүндө өз ойлорун билдирген. Кыргыз-казак тилдери башка түрк тилдүү элдерге түшүнүктүү болуш үчүн алфавиттеги кээ бир тамгаларды сактоо, ошондой эле практикалык сөз айкаштарында чет тилдик лексиканы, фразеологияны сактоо жана колдонуу керек экендигин белгилеген.

1925-жылы кыргыз мугалимдеринин I съездинде К. Тыныстанов кыргыз жазуусу боюнча, И. Арабаев илимий терминдерди колдонуу жөнүндө доклад жасашкан. Ошондой эле, араб графикасынын негизинде кыргыз алфавитин түзүп, грамматика жана география боюнча кыргыздын алгачкы окуу китептерин жазып, кыргыздын биринчи «Алиппесинин» автору. Ал келечек үчүн баа жеткис баалуу мурастарды калтырган [2].

Эшеналы Арабай уулу эки жашында атасынан ажырап, энесинин колунда 10 жашка чейин тарбияланган. Ал өтө зээндүү жана тырышчаак болгондуктан, аны молдолук кесипке үйрөтүш үчүн Караколго жиберген. Караколдогу мусулман мечитинин алдында беш жарым ай кызмат кылган жана кат тааныганды үйрөнгөндөн кийин, ошол жердеги татарлардын мектебинен 5 жыл чамасында билим алуусун уланткан. Өзу эскерткендей ал жерден деле өз билимин көтөрө алган эмес. Кийинчерээк Караколдогу жаңы ачылган мусулман (жаңы ыкмалар менен окутуучу) мектебинде бир жыл чамасында окуган. Анын зээндүүлүгүн байкаган мугалими Заиров Таирдин сунушу аркылуу Россиядагы Оренбург шаарындагы мектепке жиберилген. Бирок ал жердеги окуу жайларга өтө албагандан кийин, Константинополго (Стамбул) барып, ал жердеги түрк диний мектебине 3-класска кабыл алынган. Алты ай чамасында окугандан кийин мусулман дүйнөсүнүн илимий борбору, ыйык шаарлары болгон Арабиянын Измир, Бейрут, Мекке, Медина шаарларында бир жарым ай чамасында болуп, зыярат жасап, кайрадан Константинополго келип, мурдагы окуусун уланткан [3].

Балалык - ар бир адамдын тагдырындагы маанилүү мезгил. Дал ушул учурда идеалдар аныкталып, мүнөздөр калыптанып, келечек жашоонун түптөлүшүнө негиз салынат. И. Арабаевдин бала-чагындагы зиректиги, жаш кезинде курчап турган чөйрө, көз карандысыз экендиги жана анын ички дүйнөсүнүн эркиндиги билимге болгон умтулуусун арттырып, кыйын шарттарда чоң ийгиликтерге жетишкендигин өмүр баянынан билип отурабыз.

И. Арабаев билим алууну кыргыз жергесинен баштап, Россияга, Турциянын Константинополь шаарына чейин барган. Ал абдан зээндүү жана тырышчаак болгондуктан, айлана-чөйрөдө дүйнөнү таанып-

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



билүүдө өзгөчөлүгүн көрсөтөт. И. Арабаев – жаңы коомдун өкүлү. Алган билимдери менен өзүнүн көз карашын бекемдеп, жашоодогу традициялык баалуулуктар: жүрүм-турум, искусство жөнүндөгү, диний көз караштары калыптанат. Билим – кыргыз элинин негизги кыймылдаткыч күчү экенин эрте эле түшүнөт жана келечектеги чечкиндүү кадамдарына жол ачылат.

Совет бийлигинин 20-жылдарындагы кыргыз интеллигенциясынын көрүнүктүү ишмери А. Сыдыков өзүн анын соратниги катары эсептеген. Эшенаалы Арабай уулун жогору баалап, ал кишини кыргыз улуттук интеллигенциясынын «молдокеси», б.а. окутуучусу, устаты катары баа берген [4].

И. Арабаев кыргыз элинин тарыхы менен маданиятына эбегейсиз чоң салым кошкон. Ал улуу агартуучу, мугалим. Чыныгы күчтүү интеллектуал, себеби бир нече түрк тилдеринде жана орус тилинде эркин сүйлөгөн. Көп багыттар боюнча билим алган жана ал билими анын интеллектуалдык потенциалын түзгөн.

И. Арабаев өз мезгилинде агартуучулук кулачын кенен жайган. Чыныгы мугалим, терең билимдүү гана болбостон, ал окуткан балдар менен тил табышып, аларды чынчыл жана эмгекти сүйүүгө, боорукер болууга, чындыкка умтулууга тарбиялайт. Билим адамдарды тездик менен өзгөртүп, ар намыстуу жашоого үйрөтөт. Ал сабак берген мектептеги балдар дал ушундай өзгөрүүгө учураган. Ар бир бала билимдүү адам болууну кыялданды. Илимий жаңылануу прогресси ар бир кыргызга керек болуп турду. Мезгил дал ушундай талаптарды коюп турду. Ошол учурдагы жаштар массалык түрдө чоң ишеним менен билим алууга умтулушту. Мындай ишеним жана умтулууларды И. Арабаев жазган билим берүүдөгү алгачкы методикалык китептер канагаттандырып турду. Бул ошол учурдагы эбигейсиз жетишкендик жана илимий – техникалык прогресс болду. Жашоо бир жерде токтоп турган жок. Илим менен техника багытында элди дагы көп перспективалар күтүп турду. И. Арабаев баштаган агартуучулук иштери жаштарды улуу илимий жетишкендиктерге алып келди.

Боорукерлик – бул адамдарга, дүйнөгө болгон сүйүү, жакшылыкка умтулуу. Мындай ички дүйнөнүн жылуу сезими адамдагы эң маанилүү нравалык сапат. Бул сапат биздин жашообузга өмүр бою жарык берип, жол көрсөтүп, жүрүп отурат. Бийик нравалуулук XX кылымдагы биздин мамлекетибиздин интеллигенциясынын эң негизги касиеттери болгон. Интеллигенциянын өкүлдөрү достук мамиледе, курчап турган чөйрөсүнө мээримин төгүп, токтоосуз жардам көрсөтүү, элинин жыргалчылыгы үчүн убактысын, материалдык байлыгын сарптоону башкы планга коюшкан.

И. Арабаев дагы алардын катарында болгон. Ошол кездеги интеллигенттер – чыныгы патриоттор жана бүткүл эмгегин, өмүрүн элинин келечегине арнаган чыныгы уулдар. Тарых, мезгил, кырдаал мындай уулдарды мындай сапаттар менен жаратты. Алар бардык адамдар эли жөнүндө жанын аябай камын көрүш керек эле. И. Арабаев дагы мындай нравалык сапаттардан куру калган жок. Себеби XX кылымдын 20-30-жылдарында элине жасаган эмгеги үчүн И.Арабаев дасыккан коомдук-саясий жана мамлекеттик ишмерге айланды.

И. Арабаев эл агартуу иштерин жакшыртып, жаштарга билим берүүнү өркүндөтүү, алар үчүн жаңы мектептерди салдыруу, башка шаарларда ачылган орто жана жогорку окуу жайларына окууга жиберүү, кыска мөөнөттүк курстарды уюштуруу, мугалимдердин квалификациясын жогрулатып, методикалык чеберчиликтерин арттыруу боюнча да көп иштерди жасаган. Бул жагынан ал Жети-Суу агартуу институнда, Түркстан Эл агартуу комиссариатында, Кыргыз илим комиссиясынын төрагасы болуп иштеп турганда жана андан кийинки мезгилде чоң эгек сиңиргенин белгилеп кетүү зарыл.

Дагы бир артыкчылыгы окуучуларды сабаттуу болууга үйрөтүүдөн тышкары ар кандай адабий чыгармаларды, коомдук-саясий жана илимий-популярдык китептерден алынган кызыктуу материалдар менен тааныштырып, окуучулардын китепке болгон кызыгуусун жогорулаткан. Ал жалаң гана алиппе эмес, география, тарых, математика, биология сабактарын да кыргызча окуткан алдыңкы окутуучулардан болгон.

Ал бүткүл өмүрүн элинин келечегине арнады. Интеллигенттердин арасында жүрүү оңой, бирок интеллигент болуу абдан кыйын. И. Арабаевдин өмүрүн жана ишмердүүлүгүн иликтеп жатып, анын өрнөктүү өмүр сүргөнүнө күбө болобуз. Анын басып өткөн жолу аркылуу жаштарды чынчылдыкка, өзүнүн пайдасы үчүн калп сүйлөбөгөнгө, адамдык ички маданияттын өсүшүнө жетишүүгө, жаратмандыкка, элине кызмат кылууга, эмгкчил болуп Ата Мекенин сүйүүгө тарбиялайбыз. И. Арабаевдин элге сиңирген эмгеги жана анын бай өмүр баяны аркылуу биз анын канчалык талanттуу жана келечекти көрө билген коомдук-саясий ишмер экенин көрө алдык. Ал элдин коомдук турмушунда чоң роль ойноду.

**Адабияттар:**

1. Маанаев Э., Осмонкулов А. Э. Арабаев-кыргыз элинин агартуучу-окумуштуусу жана саясий-коомдук ишмери. - Б., 2002. - 3 с.
2. Б. Деркембаева, Н. Черикова, Р. Жумалиева. Тилим-менин дилим. - Б., 2010. - 153 с.
3. Маанаев Э., Осмонкулов А.Э. Арабаев-кыргыз элинин агартуучу-окумуштуусу жана саясий-коомдук ишмери. - Б., 2002. - 11 с.
4. Маанаев Э., Осмонкулов А.Э. Арабаев – кыргыз элинин агартуучу-окумуштуусу жана саясий-коомдук ишмери. - Б., 2002. - 26 с.